УДК: 141.412

***Калбердиев А. Р.***
*доцент Ошского госуд. универ., Кыргызская Республика*

## КЫРГЫЗДАРДЫН ООЗЕКИ МАДАНИЯТЫНА МАТУРИДИЛИКТИН ТААСИРИ ЖАНА АЛЛАГА БАЙЛАНЫШТУУ ИШЕНИМДИН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

*Изилдөөнүн предмети катары кыргыздардын ишеним дүйнөсүнө байланыштуу маселелердин макал-лакап, накыл сөз, кошок, эпос жана дастандарда орун алышы жана матуридиликтин таасири каралат. Макаланын негизги максаты кыргыз элинин кылымдар бою карманып келген диний баалуулуктары менен улуттук баалуулуктарынын айкалышын белгилөө болуп саналат. Изилдөөдө салыштыруу жана теориялык талдоо усулдары колдонулду. Жыйынтыгында, салттуу ислам түшүнүгүнүн амалдык негизин түзгөн ханафилик менен ишенимдик негизин түзгөн матуридилик, кылымдар бою кыргыздардын дүйнө таанымдарына багыт берип, коомду ынтымак жана биримдүүлүккө үндөп келгендиктен, бул негиздерди таануу жана таанытуу учурдун маанилүү маселелерине айлангандыгы белгиленген. Ошондой эле кылымдарды карыткан сөздөрдүн каймактары болгон бул эпикалык жана дидактикалык материалдардын айрымдары Аллага болгон ишеним менен коштолуп, жашоого маңыз берип келгендиги, өзгөчө, матуридиликтин теологиялык системасынын таасири кыргыз элинин жашоосуна терең чагылып, кеп маданиятынан да өз ордун ээлегендигине басым жасалган. Макала дин таануучуларга, дин таануу предметинин окутуучуларына, муфтияттын карамагындагы дин кызматкерлерине, дегеле ислам дининин теологиясына кызыккан жалпы окурмандарга сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз; матуридилик; Алла таала; Куран; Мухаммед; Манас эпосу; ыйман; жазмыш; пайгамбар; вахий; хадис; атеизм; жаратуучу.*

## ВЛИЯНИЕ МАТУРИДИЗМА НА УСТНУЮ КУЛЬТУРУ КЫРГЫЗОВ И ОСОБЕННОСТИ ВЕРЫ В АЛЛАХА

*Предметом исследования рассматривается отражение вопросов, связанных с кыргызской верой в пословицах, поговорках, притчах, сказаниях, эпосах и дастанах и влияние на них матуридизма. Основная цель статьи заключается в выделении сочетания религиозных ценностей с национальными ценностями, которых кыргызский народ придерживается веками. В исследовании использовались методы сравнительного и теоретического анализа. В результате отмечено, что признание и продвижение основ ханафизма, составляющего практическую основу понятия традиционного ислама, и матуридизма, составляющего основу веры, становится важным вопросом, поскольку они давали ориентиры мировоззрению кыргызов и призывали общество к солгасии и единству на протяжении многих веков. Также подчеркивается, что некоторые из этих эпических и дидактических материалов, являющихся сливками исконнык слов, сопровождаются верой в Бога и придают жизни смысл, особенно влияние теологической системы матуридизма на жизнь кыргызского народа и его место в культуре речи. Статья рекомендована для религиоведов, преподавателей религиоведения, сотрудникам муфтията, а также широкого круга читателей, интересующихся теологией ислама в целом.*

***Ключевые слова:*** *кыргыз; матуридизм; Аллах; Коран; Мухаммад; эпос Манас; вера; судьба; пророк-посланник; откровение; хадис; атеизм; творец.*

## THE INFLUENCE OF MATRUDISM ON THE KYRGYZ ORAL CULTURE AND IT IS UNIQUENESS IN RELATION TO GOD

*The subject of the reflected the occurrence of proverbs, epics and the influence of Matrudism on issues related to the Kyrgyz world of faith. The main purpose of the article is to clarify religious and national values. Comparative and theoretical methods are used in the study. As a result, hanafism, which formed the practical basis of the traditional concept of Islam and matrudism, which formed the basis of faith it had guided the Kyrgyz wordlview for centuries. It was noted that the recognition and introduction of these principles has become an important issue at the moment. As well as, some epic and didactic materials accompanied by faith in God. The influence of the Matrudism especially on the life of the Kyrgyz people is deeply reflected and it is emphasis on word of culture. This article is recommended to theologians, priest and all those who are interested in Islam.*

***Key words:*** *kyrgyz; maturidism; Allah; Qur'an; Muhammad; the epic of Manas; faith; destiny; prophet; revelation; hadith; atheism; creator.*

Кыргыздардын Орто Азия чөлкөмүндө жашаган башка элдердей диндар эместиктери айтылганы менен [1;2;3], алардын бешиктен баштап, кабырга чейинки бардык ырым-жырым, жөрөлгөлөрүндө Аллага болгон ишенимдин издери табылат. Ошондуктан, кыргыздардын Жаратканга болгон ишеними, алардын үрп-адаттары менен тастыкталып келгенин айтууга болот. Бирок, айрым учурда бул тастыктоо сөз жүзүндө гана ишке ашып келген. Мисалы: «Башы оорубаган кишинин кудай менен иши жок» [4] деп айтылат кыргызда. Бул макал ишенимдин сөздө калгандыгынын анык далили.

Кыргыздар Аллага болгон ишенимин тавхид жана шахадат келмелерин айтып тастыкташкан. Бул жөнүндө «Манас» эпосунда төмөндөгүчө айтылат [5]:

Чоң барабан дүңгүрөп,
Чогулуп турган көпчүлүк:
Лаайлаха иллаллах,
Мухаммед расуллах,
Келме шаадат жар кылып,
Ыйман айтты күңгүрлөп.
Лааилаха иллалла,
Келмеге тилиң келтир деп,
Напси деген бирөө бар,
Сүкүт айтып өлтүр деп.

Жогоруда баяндалгандай, ыймандын алгачкы кадамы болгон келме келтирүү [6] накыл сөздөрдүн арасында колдонулуп, кыргыз маданиятындагы элементтердин эң негизгиси болуп калган. Кыргыздар келме келтирүүнү жалгыз гана ыймандын башаты катары эсептебей, аны кайра-кайра кайталоо менен ишенимибиз артып, такыба, ыймандуу болобуз деп ишенишкен. Бул жөнүндө макалда төмөндөгүчө берилет: «Кайталагандан ыйман бузулбайт, кайра ыкыласың артат» [7]. Кыргыздар жада калса булар менен гана чектелбей, оор абалда жаткан адамга да келме айттырууга аракет кылып, «ыйман айт» деп кайталап, оорулуунун жакындарына «ыйман угуз» деп эскертип турушкан [6]. Анткени, ыймандуу болуп дүйнөдөн кайткан адамдын барар жагы бейиш экенине ишенишкен. Мисалы, кыргыз кошокторунун биринде кайтыш болгон атасына кошок кошкон кызынын күйүтү, дубасы төмөнкүчө баяндалат [8]:

Акырет кеткен хан атам,
Жолдошуң болсун ыйманың.

Алардын мындай ишенимдеринин негизи хадистерге таянаарын айтууга болот. Анткени Аз. Мухаммед пайгамбардын жогорудагы кошоктун мазмунундай бир топ хадистери бар:

• Кимде-ким Алладан башка жаратуучунун жоктугуна жана Аз. Мухаммед анын элчиси экенине ишенсе, ага тозоктун оту арам болот [Муслим. Иман. 47].

• Кимде-ким Алладан башка кудай жок экенин билип дүйнөдөн кайтса, ал бейишке барат [Муслим Иман. 43].

• Алладан башка жаратуучунун жоктугуна жана өзүмүн анын элчиси экениме күбөлүк беремин. Эгер Алланын пенделери бул эки нерсени билип, андан күмөн санабай дүйнө салса, бейишке барышат [Муслим. Иман. 44].

Кыргыздар ишенишкен Алланын негизги өзгөчөлүктөрүнө келе турган болсок, адам баласы Алла тааланы акылы менен аңдай алат. Бул жөнүндө макалдарда бекеринен: «Кудайды көзүң менен көрбөсөң да, акылың менен тааны деп берилбеген [7]. Матуриди акыйдасы боюнча, чөйрөнүн туура эмес түшүнүктөрү менен шартталбаган, тунук акылын, нукура табиятын негиз алып жашаган адам Жараткандын бар жана бир экендигин таба алат. Ошол Матуридиликтин акыйдасына сугарылган кыргыз элинин Манас эпосунда Алла таала өзүн таанып билсин деп, пендесине акыл бергенин төмөндөгүчө баяндайт [5]:

Аңдасын – деп кудурет,
Акыл деген бири бар,
Аңдап муну билип ал,
Кудайлыгын билсин деп,
Сиздер менен биздерди,

Жалган жайга жиберди.
Актын билип бирлигин,
Ыйман кылып иймерет.

Өзгөчө акыркы ыр саптар акылдын жалгыз гана Алланын бар экенин эмес, бир экенин да аңдап биле турганына ишарат кылат. Ошондуктан, кыргыздар бекеринен «Жалгыздык кудайга жарашат» [9] деп, Жаратkандын улуулугун, бардыгын жана абсолюттук бирдигин даңазалабаган чыгар. Албетте мындай түшүнүктүн төркүнү, матуридиликтеги адамзат тунук акылы менен Жаратkандын бар экендигин гана эмес, бир экенин да аңдай алат деген принципке барып такалат десек жаңылышпайбыз.

Адамзат жашоосунун башатынан бери акылды вахий (Алла тааланын пайгамбарларына жөнөткөн өкүмдөрү – Куран, вахий аркылуу келген китеп болуп эсептелет) менен кубаттаган Алла таала өтмүштө бир топ пайгамбарларды жөнөтүп, ыйык сөздөрүн түшүргөн. Ошол пайгамбарлардын баары – биринчи болуп, Жаратkандын бар жана бирдигин даңазалашкан. Ал эми, бул чындык кыргыздардын оозеки маданиятынан төмөнкүчө орун алган [10]:

Курандын өзү,
Кудайдын сөзү.
Он эки пайгамбардан
Бир Кудай өтүптүр [4].

Бул жердеги он эки пайгамбардан максат, жер жүзүнө жиберилген бардык пайгамбарлар жана ошол пайгамбарлардын баарынын Алланын бирдигине күбөлүк бергендиктери болуп эсептелет. Элдик ырларда да, ыйык китептер менен ыйык барактар адамзатты акыйкаттын жолуна үндөгөндүгү берилет [9]. Ал эми, акыйкаттын жолу, күмөнсүз, Алланын жолу болуп саналат. Кыргыздардын жашоосунун бардык тармагын ичине камтыган жана жашоо энциклопедиясы катары маалым болгон «Манас» эпосунда Алланын бирдиги төмөнкүчө эскерилет[11]:

Жаратkан жалгыз кудайым,
«Болжош бол – деп жиберди
Жаратkан жалгыз бир кудай
Көкжал Манас өзүнө,
Жолдош бол» - деп жиберди.
«Бысмылда» деген тилге кел,
Кудай – жалгыз, Куран - чын,
Байгамбар ак, диниң ак,
Чачып ийчи жыйганды,
Каалагын жалгыз ыйманды.

Мына ушуга окшогон ыр саптарды «Манас» эпосунан көп кездештирүүгө болот. Өзгөчө Сагымбай Орозбаковдун варианты диний фрагмент жана жоболорго бай келет [9].

Кыргыздар Алла тааланын теңдешсиз сыпаттарынын ичинен каалоо (Кудай кааласа), таквин (Жаратуучу) жана кудуретти көп колдонушат. Анткени, бул сыпаттар Алла менен адам арасындагы байланышты жөнгө салган сыпаттар болуп эсептелет. Тактап айтканда, аалам, адам жана анын кыймыл-аракеттеринин жаратылышы ушул сыпаттарга барып такалат. Ал эми, ааламдагы гармония менен адамдагы аң-сезим Алланын улуулугуна, бар жана бирдигине ишарат кылып турат. Жаратkандын улуулугу болсо, өзүн чектүүлөрдүн жаратылышында жашырып турат. Аны дили таза адамдар гана таба алат. Ошондуктан, «кун фа якун»дун (Күмпайкүм*)* [9] маңызы да ишенүүчүлөрдүн таза ишенимдеринен жай таба алган. Албетте булардын баары матуриди акыйдасынын да далили болуп саналат.

Төкмө акындардын ырларында, эпос-дастандарда [9], дуба жана ак баталарда [9] көп колдонулган бул сыпаттар кээде Алла (Алда таала, Кудай таала) аты менен катарлаш келсе, кээде аны менен синоним катары колдонулат. Өзгөчө «Кудай кааласа» же болбосо «буюрса» деп Алланын каалоосундагы чексиздикти даңазалаган кыргыздар, болгон жана боло турган бардык нерселердин Жаратkандын эзелки каалоосу жана илиминин негизинде иш жүзүнө ашарына ишенишет. Анткени, бул – Алланын чексиз жана абсолюттуулугунун натыйжасы.

Бул өзгөчөлүктөрдүн пенденин эркин каалоосуна чек коёт деп айтуу туура эмес. Антке-

ни, тагдырдын түпкү маңызын объективдүү түрдө эч бир пенде анык жана так ачыктап бере албайт. Андыктан, кыргыздарда «тагдыр», «бешенеге жазганды көрүү» [6], «жазмыш деген ак сөзгө» [6] окшогон сөз жана накыл сөздөр менен калыптанган маселе өзгөрүлгүс акыйда боюнча кала бермекчи.

Ошону менен катар, жазмыш жашоонун бардык жагын кучагына алгандыгы үчүн, ырыскы жана ажал дагы анын карамагында каралат. Буга мисал катары төмөнкү макалдарды берүүгө болот [4]:

Кырк жылы кыргын болсо,
Бейажал чымын өлбөйт.
Кудайдын күнү кумдан көп,
Буюрганын жашайсың,
Насип кылган ашыңдын,
Буюрганын ашайсың.

Тагдыр болсун, жазмыш болсун, кыргыздар Алла тааланын кудурет калеми менен адамзат жашоосун лавху махфузга же бешенеге жазгандыгына ишенишет [6; 9]. Буга байланыштуу «Манас» эпосунда мисалдар да жок эмес [5]:

Аршы-күрсү лав калем,
Жараткандыр ак таалам.
Тогуз кабат балек бар,
Акыр бир күн өлүмгө,
Аманат жанга алек бар.

Демек, кыргыздар жазмышты исламдын ишеним негизи катары көрүшөт. Бирок, жазмыш/тагдыр түшүнүгү көпчүлүк диндерде кызуу талкууга алынган, талаш маселелерден болуп эсептелет. Ошондуктан, демократ-акындар мындай түшүнүктөргө бекеринен терс реакция бербеген чыгар. Ал эми, бул маселе Советтик доордогу илимий атеизмге даяр материал болгон.

Кыргыздардын оозеки маданиятында Алла таала сүйлөөчү (мутакаллим) катары сүреттөлөт, бирок Жараткандын кандай өзгөчөлүктө сүйлөөрү белгиленбейт. Анын адамзат тарыхынын башынан бери пенделерине ырайым кылып, аларга ыйык китептер менен ыйык барактарды жөнөткөндүгү баяндалат. Өзгөчө, ыйык деп эсептелген Забур, Тоорат, Инжил жана Курандын адамдарды туура жолго багыттагандыгы көпчүлүктүн ишениминен орун тапкан. Бирок, алгачкы үч китептин мазмуну жөнүндө эч кимдин толук маалыматы болгон эмес [9]. Болгону алардын өзгөрүүгө дуушар болгонуна ынанышкан. Ал эми ал китептерди Кудай таала Жабраил периште аркылуу вахий жолу [9] менен жөнөткөндүгү көпчүлүктүн назарында сакталып келген.

Алланын шериги жок жалгыз экендигине жана Курандын акыйкат жолуна үндөгөнүнө ишенишкен кыргыздар Жараткандын сүйлөөчүлүгүнүн эң чоң далили деп Куранды айтышып, аны «*Ке*ле молдо, тактап айтканда, Каламуллах (Алланын сөзү), «Келе молдо куран / Каламуллах Куран (Алланын сөзү болгон Куран) деп атап келишкен [9]. Ошондой эле, алар Куран Керимдин аяттардан турарын да билишкен. Мисалы, бул «Манас» эпосунда мындайча баяндалат [5]:

Айткан сөзү мунайым,
Аалым кылган Кудайым.
Айтканынын баарысы,
Аят адис жудайын.
Байкап турсам мажусу
Батыл окшойт дининиз.
Жети султан бирисиз,
Ак динине кирерсиз,
Аят адис баарысын,
Аалымдардан билерсиз.

Бирок Совет доорундагы айрым илимпоздор Куранды Мухаммед пайгамбар жазган [9], ошондуктан, анда өзүнүн сөздөрү менен бирге Библиядан алынган фразалар да көп кездешет

деп белгилешет [9]. Алар атеисттик пропаганданын негизинде оозеки маданиятка кийлигишип, дин жана дин кызматкерлерин ашкере сынга алышкан [4]. Ошондой эле алар Аллага болгон ишенимдин эч нерсеге арзыбагандыгын жар салышкан. Мисалы:

Ким Кудайга ишенсе,
Колу-буту кишенде

деген сөздөр, алардын негизги ураандарынан болгон.

Чындыгында Советтер Союзунун динге каршы жасаган мамилеси жана саясаты, карамагындагыларды белгилүү деңгээлде диний баалуулуктардан алыстаткан. Анткени СССРдин негизги идеологиялык саясаты динди жана коммунизмден башка идеологияларды четке каккан совет адамын тарбиялоого багытталган. Ошондуктан Карл Маркстын (1818–1883): «Дин –бул калктын опиуму (опиум народа)», [12] Владимир Ильич Лениндин (1870–1924): «Дин илдеттүү фантазия (больная фантазия)»[12] ж.б. сөздөрүнүн негизинде диндер сындалып, диний жөрөлгөлөргө чек коюлган [13]. Канчалык деңгээлде Карл Маркс жана Фридрих Энгельс (1820–1895): «Динге карата орой мамиле жасоо натыйжалуу жыйынтык бербейт. Социализмдин өнгүшү менен дин өзүнөн өзү жок болот. Бирок бул процессти тездетүү үчүн коомду туура нукта тарбиялоо керек», [14] - деп айтышканы менен, реалдуу жашоодо СССРдин мамлекеттүүлүгүнүн алгачкы жылдардынан тартып динге каршы орой мамилелер жасалып келген. Мисалы: Союз воинствуюших безбожников кыймылы ачыктан ачык эле анти агитация баштап, ***«Безбожник»*** газетасы жана ***«Антирелигиозник»*** журналы аркылуу атеисттик пропагандаларга басым жасай башташкан [15]. Ошондой эле диний таалим-тарбия берүүчү мекемелер, фонддор жана сыйынуучу жайлар жабылып, диндик жашоого чектүүлүк киргизилген [13]. Ал эми кийинки жылдардагы динсиздештирүү же кудайсыздаштыруу иш-аракети коомдук түшүнүктөрдү түп тамырынан өзгөртүүгө, динди, диний идеология жана баалуулуктарды четке каккан жаш муунду өстүрүүгө багытталган. Бул иш-аракеттерди аткаруу милдети болсо илимий (марксисттик) атеизмге [16] жүктөлгөн.

Бирок мындай сын жана түшүнүктөр кыргыз элинин коомдук аң-сезимине утурумдуу гана жайгашкан. Анктени көз карандылыкка жеткенден кийин элдин каалоосу, динге болгон арзуусу, сагынычы, динди үйрөнүүгө болгон аракеттери, мындай сын жана түшүнүктөрдүн утурумдуу экенин далилдеп койду.

## Жыйынтык

Оозеки маданият болсун, күнүмдүк жашоо болсун, кыргыздар Алланын атын унутпай, аны ар дайым аздектеп келишкен. Жаратканды Алла, Алла таала, Алда таала, Алда кудай, Кудай таалага окшогон аттар менен бирге, жараткан Алда кудурет, кадыр Алда кудурет, кудурети күчтүү Кудай ж.б. сыпаттардын коштоосунда да эстеп турушкан. Ошол эле учурда, «Кудай деген куру калбайт» деген кыргыздар, кудайдын бар жана бир экенине ишенүүнү баарынан жогору койгон. Жамандын артынан жакшылыктын келерин, же болбосо кээде жаман деп эсептелген нерсенин артына жакшылыктын катылганына ишенип, тагдырга болгон бекем ыйман менен бирге адамда өз алдынча каалоонун бар экенине да ыйман келтиришкен. Албетте ушул жана ушуга окшогон ишенимге байланыштуу маселелерде Орто Азияда калыптанган матуридиликтин таасирин кеңири кездештирүүгө болот. Мисалы, кыргыздар дүйнөдөн кайткан адамга «каза болду» деп айтышат. «Каза» арабча сөз болуп, «өкүм», «буйрук», «парз», «чечим» деген маанилерге келет. Калам илиминде каза сөзүнүн мааниси адам баласынын тагдырында белгиленген ар бир жашоо сүртүмүнүн иш жүзүнө ашышы катары берилет. Демек, ажал да адамдын тагдырына жазылган жашоо сүртүмдөрүнүн бири. Өз учуру келгенде, ар бир адам өмүрү түгөнүп, ажал табат, тагыраагы каза болот. Бул түшүнүктү матуридиликтин теологиялык системасынын кыргыз элинин дүйнө таанымына чагылышы жана таасири катары эсептесек болот.

## Адабияттар тизмеси:

1. **Абрамзон, С.М.** Киргизы и их этногенетичиские и историко-культурные связи [Текст] / С.М.Абрамзон. – Фрунзе: Ала-Тоо, 1989. – Б. 284-285.

2. **Баялиева, Т.Дж.** Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление [Текст] / Т.Дж.Баялиева. – Фрунзе: Илим, 1981. – 26б.
3. **Молдобаев, И.Б.** «Манас»-историко-культурный памятник кыргызов[Текст] / И.Б.Молдобаев. – Б.: Кыргызстан, 1995. – Б. 248-249.
4. Кыргыз макал лакаптары даярдаган: Усупбеков Ш. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – Б.92-200.
5. **Орозбаков, С.** Манас. II том [Текст] / С.Орозбаков. – Б.:Кыргызстан, 1995. – Б. 143-335.
6. **Карасаев, Х.** Накыл сөздөр[Текст] / Х.Карасаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982. – 75-356-бб.
7. **Шарипова, Э.** Кыргыз философиясынын башаттары [Текст] / Э.Шарипова.- Ош, 2000.- 77 б.
8. **Jusubaliev, Ali.** Kırgızların İslâmiyet'i Kabulü. Анкара университети социалдык илимдер институтунда жакталган диссертация. – Ankara, 2007. – 151б.
9. **Карасаев, Х.** Накыл сөздөр [Текст] / Х.Карасаев. – Фрунзе: Кыргызстан, 1987.-Б. 34-202.
10. Макал лакаптар – дин жана ырым-жырым// http://www.kyrgyzweb.org/makalalar/26_1.aspx, 05.02.2010.
11. **Каралаев, С.** Манас. I том [Текст] / С.Каралаев. – Б.: Кыргызстан, 1995.- Б. 318-319.
12. Краткий Научно – Атеистический Словарь. – Москва: Наука, 1969. – 594 б.
13. **Табышалиева, А.** Вера в Туркестане [Текст] / А.Табышалиева. – Бишкек, 1993. – Б.108-111.
14. **Вагабов, М.В.** Ислам и Вопросы Атеистического Воспитания [Текст] / М.В.Вагабов, Н.М.Вагабов. – Москва: Высшая школа, 1988. – 231 б.
15. **Kline, G.L.** Religious and Antireligious Thought in Russia[Текст] / G.L. Kline. – Chicago, 1968. – Б.150-151.
16. Атеистический словарь. Под общей редакцией М. П. Новикова. 2-е издание. – Москва: Политиздат, 1986. – Б.37-38 .

DOI:10.54834/16945220_2022_2_103

Поступила в редакцию 20. 05. 2022 г.